*УДК 316.811*

***Алимбеков Акматали.** п.и. д., проф.*
*«Манас» атындагы КТУнун*
*педагогика кафедрасынын башчысы.*
*akmatali_ alimbekov@mail.ru*

# «КОРКУТ БАБА КИТЕБИ» МУРАСЫНДАГЫ АК НИКЕ АРКЫЛУУ ҮЙ-БҮЛӨ КУРУУ, ТУКУМ УЛОО ТУУРАЛУУ ТҮРК ЭЛДЕРИНИН САЛТТЫК БААЛУУЛУКТАРЫНЫН ЧАГЫЛДЫРЫЛЫШЫ

# ОТРАЖЕНИЕ ТРАДИЦИОНЫХ ЦЕННОСТЕЙ ТЮРКСКИХ НАРОДОВ ПО СОЗДАНИЮ СЕМЬИ ЧЕРЕЗ БРАКОСОЧЕТАНИЕ, ПРОДОЛЖЕНИЮ РОДА В КНИГЕ “КОРКУТ БАБА КИТЕБИ”

# A REFLECTION OF TRADITIONAL VALUES OF TURKIC PEOPLES TO ESTABLISH A FAMILY THROUGH MARRIAGE, THE PROCREATION IN THE BOOK “KORKYT BABA KITABI”

***Аннотация.** Макалада «Коркут баба китеби» мурасындагы үй-бүлө куруу жана тукум улоонун баалуулугу туралуу түрк тилдүү элдердин салттык түшүнүктөрү ачыкталат.*

***Түйүндүү сөздөр:** мурас, салт, үй-бүлө, тукум улоо, бала, коом.*

***Аннотация.** В статье на материале наследия “Книга Деде Коркут” раскрываются традиционные понятия тюркоязычных народов относительно создание семьи и продолжение рода.*

***Ключевые слова:** наследия, традиция, семья, продолжение рода, ребенок, общество.*

***Abstract.** In the article on the material of the heritage "The Book of Dede Korkut" the traditional concepts of the Turkic-speaking peoples are revealed regarding the creation of a family and the continuation of the family.*

***Key words:** heritage, tradition, family, continuation of the clan, child, society.*

Түрк калктарына түгөл жайылган орток руханий мурастардын бири «Коркут баба китеби». Мурастагы өзөктүү, борбордук идеялардын бири бала тарбиясына байланыштуу салттык тажрыйбалар.

Түрк элдеринде тукум улоо, өзгөчө элин-жерин коргой ала турган мекенчил, ар-намыстуу балалуу болуу эң жогорку даражадагы баалуулуктардын катарында турган. Дарак – мөмөсү менен бааланганд ай, жакшы адам балдары менен бааланган. Мураста: “Уул – ата жөлөгү, эки көздүн биридир», «Көкүрөгү агарган ата көрктүү», «Ак сүтүнөн тоё эмизген эне көрктүү» – деп адам турмушунун телегейи тегиздиги жана толуктугу перзенттер менен аныкталаары айтылат

Эгерде “Манас” дастанында баласыздык Жакып хандын жеке пенделик арманы катары берилсе, “Коркут ата” китебинде тукум улоо, коломтосун өчүрбөс мураскерлүү болуу үй-бүлөгө коюлуучу эң жогорку коомдук талап катары каралат. Урууларлардын учугу уланып, бакубаттыгынын артышы ар бир үй-бүлөнүн бүтүндүгү жана толуктугунан көз каранды. Өз үй-бүлөсүнүн коломтосун өчүрбөй улап кете алуучу мураскерлүү болуу тек жеке адамдын көңүлдөгү көксөөсү эмес, коом тарабынан коюлган катаал талап болгон. Тукум уланыш үчүн үй-бүлөгө жаңы баш кошулушу зарыл. Огуз коомундагыларда “Атам өлдү мен калдым, мен өлөм, ордума сен каласың” – деген принцип бекем жетекчиликке алынган. Мында көчмөн түрк элдеринин үй-бүлөгө карата эреже-талаптардын коомчул максимализми жатат. Мураста тукум улоо уруунун жаңы күч кубатка ээ болуп уланышы каада- салттардын сакталышы, б.а. башка элдер менен тең ата даража күтүп, бар уруу, улут катары бар болуунун эң башкы шарты. Адамдардын аброю өз үйүнөн өзү жашаган коомдун нарк-салттарын андан ары улап, өнүктүрүп

кете алуучу эр азаматтардын катарын калыңдатууга кошкон үлүшү менен бааланган. Ошондуктан мурас боюнча Огуздарда баласыздар кудайдын каргышына калган пенделер катары коомдун толук жана татыктуу мүчөсү эсептелген эмес. Алар баласы жокторду кудай каргаган, аларды биз да каргайбыз дешкен. Алсак, "Дерсе кан уулу Букаш тууралуу ырында": *"Тойго келген коноктордун эркек баласы барларын ак боз үйгө, уулу жок, бирок кызы барларды кызыл боз үйгө, уулу да, кызы да жокторду кара боз үйгө киргизет. Кара үйгө кирген конокторду кара кийизге отургузуп, кара койдун эти менен томат аралаштырып куурулган тамакты алдыларына коюп, жегендер жесин, жебегендер кетсин деген экен. Же уулу, же кызы жок жандарды Алла Таалам өзү каргаган, биз да ошондой кылабыз" [1.12].* Бул эпизоддо адамдардын коомдогу статусунун бирден бир көрсөткүчү алардын балдары менен аныкталары таасын ырасталган. Дерсе кан баласынын жоктугунан кара үйгө отургузулуп, жазаландырылып олтурат.

«Коркут баба китебинде" огуздар бала затын өтө терең сүйгөн гумандуу эл болгонун тастыктаган өрнөктөр өтө арбын. Азап, кайгынын эң оору да балдары менен узак убакыт көрүшпөй калуу. "Кам буура уулу Бейрек" деген аңгемеде каапырлардын колунда туткунда калган баласын өлдү деп кабар келсе да, кайрымдуу ата 16 жыл үмүт үзбөй күтөт. Көз жашын төгүп олтуруп, оор кайгыдан көзү көрбөй калат. Зарыгып күткөн уулу келгенин сүйүнчүлөшкөндө чыпалагын канатып, жүз аарчыга аарчысын, мен аны көзүмө сүртөйүн, эгерде көзүм ачылса анын уулум Бейрек экенин билейин дейт. Жаны менен барабар уулунун каны сүртүлгөн жүз аарчы менен көзүнө сүртсө, Алла Тааланын жардамы менен көзү ачылат. Атасы, апасы кыйкырып, өкүрүп, баласын кучакташып:

Алтын коломтолуу үйүмдүн туткасы уулум,
Чырайлуу кыздарымдын, келинимдин гүлү уулум,
Көрчү көзүмдүн жарыгы уулум,
Кубаттуу белимдин күчү уулум [1.67].

Кудуретүү Огуздардын суктанган мырзасы уулум – деп боздоп ыйлашат. Аллахка шүгүр кылышат. Ошентип, «Коркут баба китебинде" Огуздардын жашоодогу эң башкы кайгысы перзентин жоктоо, перзентинин башына түшкөн оор мүшкүл, эң башкы кубанычы балдарынын жамандыгын көрбөй жанаша жашоо экендиги тастыкталат.

Түрк элдеринде ар кандай коом мүчөсү үй-бүлө күтүп, балалуу болуу үчүн коом тарабынан кабыл алынган эреже-салттардын маани-маңызын терең түшүнүп, аларды тикеден-тике жетекчиликке алышы талап кылынган. Демек, турмуштагы ак менен караны, аруулук менен арамдыктын айырмасын аңдай билүүгө өбөлгө болгон билимдерди өздөштүрүүсү абзел. Огуздар коомунда ак нике гана үй-бүлө куруп, тукум улоонун негизги шарты катары каралган, б.а. бала ак нике аркылуу курулган үй-бүлөдө гана төрөлүшү шарт. Никесиз төрөлгөн балада кут болбойт. Бул идея "Бисаттын Төбөкөздү өлтүргөнү" аттуу аңгемеде ар тараптуу ачыкталат.

Адаттагыдай эле күндөрдүн биринде Огуздар жайлоого көчүшөт. Аруз Кожонун Адына Конур Сары деген койчусу "Узун булак" деген таанымал булактан кой айдап келе жатып, күтүлбөгөн жерден канаттарын бири-бирине тийгизип, учуп жүргөн пери кыздарды көрүп калат. Сары койчу кийиз кийимин кийип алып, пери кыздардын бирөөсүн кармап алат да, зордук менен жыныстык катнашка барат. Пери кыз канат кагып учуп: "Келерки жылы ушул убакта аманатыңды алып кет, бирок Огуздарга балакет алып келдиң" – деп көздөн кайым болот. Муну уккан койчу аябай коркуп, өңү бозоруп чыгат.

Кийинки жылы жайлоого келген Сары Койчу булак жанынан күйүп турган бир топту көрөт. Топтун арасынан пери кыз чыгып: "Койчу аманатыңды ал, бирок Огуздардын башына бир балакет келди" – дейт. Койчу бул топтошкон жалтыракты көрүп, жаны чыгат. Кайра артка кайтып, сапан ташы менен атат. Аны урган сайын чоңоё берет. Бул коркунуч никесиз бала Төбөкөздүн төрөлүшү менен Огуздардын арылбас апаатка кабылышы эле. Анткени, Төбөкөз адам кейпи жок, башында гана бир көзү бар түрү суук болуп төрөлөт. Колуна тийген адамды да, малды да четинен жалмай берип, нагыз желмогузга айланат. Напсин агыткан сайын Огуздардын эли азайып, журттун катары суюла баштайт. Аны өлтүрүүгө эч ким даай албай, акыры Бисат гана айла-амал менен аны өлтүрүп, Огуздарга бейпилдик алып келет.

Бул аңгемеден алуучу сабактын маңызы өтө көп кырдуу жана көп катмарлуу. Мында мифтик катмар менен түрк элдеринин салттык түшүнүктөрү өз ара сиңишип кеткендей таасир калтырат. Ошондуктан бул аңгеме тууралуу ачыктамалар түрдүү түспөлгө ээ болуп келет. Ошондой ачыктамалардын бири катары аңгемедеги адам коомунда адеп-ахлактык салттардан тышкары адам пендесинин айбанаттык инстинктине ээ боло албагандыгынан улам никесиз төрөлгөн бала коом үчүн өтө коркунучтуу деген түшүнүктү тариздөөгө болот. Анткени, түрк элдеринин салттык түшүнүгүндө никесиз зынадан төрөлгөн балдар эл-журттун кутун учурат. Ошондуктан түрк элдеринде мындайларды "арам сийдик", "күмөн бала" деп аташып коомго кошушкан эмес. Арийне, бала бейкүнөө, бирок теги шектүү болгондуктан элдин жаман көзү, жаман сөзүнүн бутасына айланып, адеп-ахлактан тыш чоңоюп, бүтүндөй журт бузулуп жабыркап калат. С. Иптаров белгилегендей "Салт бир нече доорлорду, замандарды кучагына алып, элди ички-тышкы деградациядан, опурталдуу кыямат-кайымдардан сактап, калкалап, көпчүлүктү элге, массаны калкка айландырып, анын адамзат алкагындагы татыктуу ордун камсыз кылып келет. Салт – эл турмушун тескеген туруктуу рухий-маданий эреже. Салт жоголсо, эл жоголот. Андыктан, аны көздүн карегиндей сактоо зарыл" [2. 76]. Коркут бабанын бул аңгемесинде да Огуздардын башына түшкөн тукумун азайтууга негиз болгон мүшкүл эзелтен мыйзам катары калыптанган салтты бузган көрпенденин абийирсиз жоругунан улам келип чыкты. Аңгемеде бул ойду тереңдетип, экинчи бир кырын ачып берүүчү жагдай да бар. Бул Аруз бектин Төбөкөз башкалардын никесиз мамилесинен төрөлгөн, бирок багып алган баласы. Ал эми Биссат Огуздардын башына түшкөн апаат күндөрү шашылыш көчүү учурунда журтта калып кетип, арстан таап алып, эмизип баккандыктан басканы адамдай, бирок кылык-жоругу арстан сымал болуп чоңоёт. Баласын канча жылдар азап менен араң табат.

Бул экөөнү бирге тарбиялап чоңойтууга багытталган Арузбектин аракетинин акыбети эмне болду?

Биссат арстандын үңкүрүнө көп жолу качып кетүү адатын калтырбай эчен түйшүккө салат. Акыры дагы кармап келишкенде Коркут ата: " Уулум сен адам баласысың, жырткыч жаныбарлар менен дос болбо, анын ордуна ат чапканды үйрөн, жигит бол! Улуу агаңдын аты Кыян Селчук, сенин атың Бисат болсун, жашыңды Аллах берсин !" – дейт. Бисат ата-эненин ак нике, аруу тилегинен төрөлгөндүктөн бир канча жыл жапайы жаныбарлар арасында өсүп калса да, адам тейине бат эле кайтып, нарктуу жигит, нагыз баатыр болуп жетилет. Ал эми Төбөкөз ак менен караны, арам менен адалды ажырата албаган жалпы жаныбарларга таандык табийгый кумарын башкарууга кудурети жетпеген Сары Койчунун айбанаттык адебинен жаралгандыктан, анын денесине ок өтпөгөндөй эле аң-сезимине да Арузбектин аруу таалим-тарбиясы таасир этпей коёт. Ошентип бүтүндөй Огуз эли бир тарапта, Төбөкөз бир тарапта калат. Муну менен дастанда никесиз жаралган баланын тагдыры анын керт башы үчүн, ошондой эле бүтүндөй коом үчүн арылбас азап болоору осуят катары эскертилет. Коркут баба бул аңгемедеги өрнөктөр аркылуу калайык калкты ушундай оор катачылыктардан сактап, коргоп калууга далалат кылат.

Ошону менен бирдикте мураста үй-бүлө куруу, тукум улоо калк ичинде калыптанган эреже-салттарга негизделишин тастыктаган өрнөк окуялар, осуяттар арбын. Мурастын каармандары Огуздардын салтына ылайык ак никелүү үй-бүлө күтүп, нарктуу тукум улантуу үчүн эчен татаал күрөштөрдү баштан кечиришип, абийир сыноолорунан өтүшөт. Мурастын аңгемелеринде түрк элдери көөнө заманда эле: *"Уулум! Кызды көрүү сенден, мал, калың берүү менден"* – дешип, жар тандоону жаштардын эркине коюп, жоопкерчиликти өздөрүнө жүктөшкөн. "Коркут баба китебинин" аңгемелеринде болочок жубайлар бири-бирин тандоого эң жогорку инсандык абсолюттук чен-өлчөмдөр менен карашат. Ошондуктан "Манас" эпосунда Манас үй-бүлө куруу үчүн кыргыз элинен кыз издеп өзүнө ылайыктуу кыз таба албагандай эле "Коркут ата китебинин" "Канды кожо уулу Кан Туралы" деген аңгемесинде Кан Туралы да Огуз элинен өзүнө ылайыктуу жан шерик табалбай, башка элди кезүүгө мажбур болот. Канды Кожо уулу Туралыдан жар издөө аракетинин натыйжасы эмне болгону жөнүндө: *"Уулум, кыз таптыңбы?* – деген суроо салат. Уулу Туралы: *"Кырылып калсын, Огуз элинен мага ылайыктуу кыз таба алган жокмун ата"* – дейт [ 2, 76]. Жалпы түрк элдеринде жар издөөдө эң башкысы болочок үй-бүлөнүн, тукумдун келечегин ойлошуп, жат жана жакын деп чектешкен эмес. Ушундан улам татыктуу жар таап, тукум жакшыртуу тилеги менен "Манас" дастанында Манас тажик кызына, «Коркут баба китебинде" Кан Туралы Трапезун кызына баш кошушат. Бирок, ошол эле учурда огуз элдеринде баатыр, эр жигиттер өздөрүнө ылайыктуу тапкан жан шерик жубайларына жетүү үчүн каармандык көрсөтүшүп, эчендеген канча кыйынчылыктарды баштан кечирүүгө кирип- тер болушкан. Мындай кыйынчылыктарды жеңгенде гана үй-бүлө курулган. Айрыкча эр жигит баатырлар үй-бүлө курууга өтө кылдаттык менен мамиле кылып, өздөрүнүн жанын кыюуга да даяр болушкан. Бул эреже-салттар мурастагы башка окуяларга салыштырмалуу "Кам буура уулу Бамшы-Бейрек" аңгемесинде деталдуу чагылдырылган. Бамшы-Бейрек атасы бел куда болуп койгон келечек жары Бану Чичек менен салтка жараша өз ара сыноолордон өтүп, бири-биринин купулуна толгондо аткан октору түшкөн жерге үй тигип, үйлөнүүгө камылга көрүшөт. Бирок, алардын аруу тилектери капыстан таш кабат. Күндөрдүн биринде курал жарагы жок Бейрек бейкапар эс алып жатканынан пайдаланып, амалкөй жоо бир жигитин өлтүрүп, отуз тогуз жигити менен туткунга алып кетет. Кайгылуу кабар уккан Бану Чичек уккан кулагына ишенбей боздоп ыйлап, кара кийим кийип кала берет. Арадан он алты жыл өтсө да, Бейректин тирүү же өлүк экени билинбейт. Бир күнү кыздын агасы Карчар жинди Баяндыр кандын ордосуна келип: "Каным, Бейрек аман-эсен болсо он алты жылдан бери келет эле, бир жигит болсо, андан барып кабар алып келсе кантет. Тирүү деп кабар угузса, алтын, күмүш аралаш жиптен тигилген көйнөк, жуббе, алтын акча берет элем ошол жигитке. Өлдү деп кабар угузса, карындашымды берет элем" – дейт. Мындай кырдаалдан пайдаланып калуу үчүн бул ишке жалганчынын уулу Ялтажук барып, Бейректи көрбөй эле өлүптүр деген суук кабар менен кайтат. Элди ишендирүү үчүн бир убакта Бейрек белекке берген көйнөгүн канга матырып көтөрүп келет. Огуздар оор кайгыга батат, баласынын кайгысына туруштук бере албай, атасынын көзү көрбөй калат. Баары үмүттөрүн үзүп, убада боюнча Бану Чичектин башын жалганчынын уулу Ялтажукка байлоо үчүн чоң тойго камдана башташат. Жалгыз гана атасы Кам Бууранын жүрөгү бир нерсени туйгандай үмүт менен: "Эй, соодагерлерим, балким силер баламдын тирүү же өлүк экендигинен кабар алып келесиңер, бардык ишти кылдаттык менен аткаргыла" – деп эскертет. Соодагерлер эчен азап, эчен амал менен Бейрек менен байланышып, абалды түшүндүрүшөт. Муну уккан Бейрек амал менен жоодон кутулуп, бир акындын комузун алып, жалганчынын уулу Ялтажук менен Бану Чичектин тоюна барып, амал менен Бану Чичек олтурган боз үйгө акын катары кирет. Бану Чичекти бийге чакырып, колундагы шакекти таштабай тагынып жүргөнүнө көзү жеткенде гана "Сүйүшкөн Бамшы Бейрегиң мен эмес белем" – деп өзүн таанытат [ 2, 123].

Муну уккан Бану Чичек дароо таанып, анын бутуна барып жыгылат. Бейрекке кыздын жеңелери чапан кийгизишет.

Кыз ошол учурда дароо атына минип, чаап жөнөйт. Бейректин ата-энесине сүйүнүп сүйүнчүлөйт.

Башка бир аңгемеде Кан Туралы Селжан айымды алуу үчүн коюлган шарттарга ылайык колго үйрөтүлгөн жаныбарлардын эң азоолору менен күрөшөт жана аларды жеңет.

Ошентип, «Коркут баба китебинде" жаштар баш кошуп, ак никелүү жубай болуу үчүн эчен азаптуу сыноолорду баштан кечиришип, шертке бекем туруу жана ар намыстуулуктун бийик өрнөктөрүн көрсөтүшөт. Мындай аңгемелер көөнө түрктөрдө жаштарды үй-бүлөлүк турмушка даярдоодо салттык тарбиянын өрнөгү катары кабылданган.

***Адабияттар***


1. *Erggn, Muharrem (2001), Dede Korkut Kitabı, Ġstanbul: Boğaziçi Yayınları.*
2. *Сабыр Иптар уулу. Кыргыз жан дүйнөсү (этнолингвопедагогикалык илик). -Б., 2012. 234 бет.*

*3. Duymaz, Ali "Dede Korkut Kitabında Alpların Eğitim ve Geçiş Törenleri", Uluslararası Dede Korkut Bilgi ġöleni Bildirileri, Ankara: Atatürk Kültür Merkezi BaĢkanlığı Yayınları. 2000.*

*4. Türker, M. Fatih, Dede Korkut Hikâyeleri, Antik Okul Klasikleri Yay., İstanbul, 2013, 270 s.*

*5. Velieceoğlu, Nilüfer, Dede Korkut Hikâyeleri, Nilüfer Yay., Ankara, 2010, 192 s.*

*6. Алимбеков А., "Коркут ата китеби" - көөнөрбөс педагогикалык мурас" //Шоокум, 2008, 12-13 б.*

*7. Гашимов А. Ш., Гашимов И.Б., "Китаби Деде Коркуд" памятник народной педагогики //Советская педагогика, -М., 1989, 123-12 6-б.*

*8. Шериев Ж., Байыркы орток түрк адабияты,- Б., 1996, 28-51-б.*